# К.Дербишев атындагы Талды-Булак орто мектебинин 2018-2019-окуу жылындагы окуу-тарбия иштери боюнча анализ

**Мектеп 1991-жылы негизделип, 360 орунга ылайыкталган. Азыркы күндө 193 окуучу окуйт. 11 класс комплект, 1 сменде окушат.**
**Мектептин илимий – усулдук көйгөйү: „Инновациялык ыкмаларды колдонуу менен окуучуларга сапаттуу билим жана тарбия берүү”.**
**Мектепте 18 мугалим эмгектенет .**

**Билим берүүнүн мыктылары – 5**

**Педкадрдагы муктаждык – 5**

**193 окуучунун ичинен мыктылары – 22**

**Окуунун жакшылары – 41**

**Билим сапаты - 30%**

**Өзгөчө күбөлүк, артыкчылык аттестат алгандар болгон жок. Эмгек тартиби сакталды, мугалимдер жамааты жоопкерчилик менен өз жумуштарын так аткарышты:**

**а) жыл башында журнал толтуруу боюнча ар бир мугалим көрсөтмө менен таанышып чыкты;**

**б) усулдук бирикме шайланды;**
**окуу жылы башталаар менен кыргыз тили майрамы өтүлдү. Мамлекеттик тилдин бир айлыгы жана үч айлыгы мектепте талаптагыдай өттү.**

**Мугалимдер заманбап мезгилине ылайык жаңы түзүлгөн сабактын структурасына талкуу жүргүзүп, технологиялык карта менен жазылган мерчемди пайдаланып, сабак өтүп жатышты. Ар бир усулдук бирикменин иш мерчеми боюнча өз убагында ачык сааттарды өтүүгө аракет кылышты. Декадалар: математика, кыргыз тили, чет тили, биология , башталгыч класстары боюнча өтүлдү. Ар бир чейректе декадалардын өтүлүшү боюнча усулдук бирикмеде талкууланып, анализ берилди. Ар бир предметтик декада 10 күнгө созулуп, ачылышы, ачык предметтик сабак, предметтен тышкары иш, эстафета, сынактар, буклеттер, папкаларды даярдоо жана декаданын жабылышы менен аяктады.**

**Журнал- бул окуу системасынын эң негизги куралы. Окуу жылы башталгандан баштап ар бир мугалимге журнал толтуруунун жана баа коюунун эрежелери айтылып турат. Текшерүү иштери алынды (математика, химия,тарых, география, кыргыз тили жана башка)**

**Ар бир декаданын өтүлүшүнө жана предметтик сабактарды өтүүдө жаңы инновациялык ыкмаларды пайдаланууга көңүл бөлүнөт:**

1. мээге чабуул- универсалдуу педагогикалык ыкма, берилген тема боюнча идеаларды эркин талкуулоо.
а) мээге чабуул(жекече топ менен иштөө)
б)түшүнүү стадиясы (ойлонуу, байкоо жүргүзүү менен жаңы билимге ээ болуу)
в) ой жүгүртүү (жаңы алган билимдерин эркин айтып берүү)
2. инсерт ыкмасы: ойлонуу менен окутуунун эффективдүүлүгүн арттыруу.
3. кластер: билим берүүнү уюштуруунун графикалык түрү)
4. концептуалдык карта: (мээге чабуул учурунда, идеаларды уюштуруунун эффективдүү ыкмасы)
5. Венндин диаграммасы (Эйлер-Венндин шакекчелери)
Предметти окутууда графикалык жол менен анализ алуу ыкмасы.
6. „Билем, билгим келет, билдим" – ыкмалары (предмет боюнча жаңы билдирүүлөргө кабыл алуу, ойлонуу).
7. синквейн: (5 бөлүктөн турган, татаал билдирүүлөрдү кыскача жыйынтыктоо)
8. РАФТ: – жазуу жүзүндө тест жүргүзүү (роль, форма, тема)
9. Блумдун таксономиясы: (суроолордун романтикасы)
(билим алуу, түшүнүү, колдонуу, анализ, синтез жана баалоо ж. б.)

2018-2019-окуу жылынын жыйынтыгы боюнча төмөнкүлөргө көңүл бөлүндү:

Окуу программалары аткарылды. Календардык мерчем окуу программаларынын негизинде түзүлдү. Микроучасток боюнча 327 өспүрүм катталган. 65 өспүрүм башка мектептерде окушат. Башка микроучастоктон биздин микроучастокко 12 окуучу келет. Даярдоо классына 20 өспүрүм келет. Окуу жашындагы өспүрүмдөрдүн баары мектепке тартылган. Аттестацияланбай калган же ордуна калган окуучулар жок. 102 окуучу мектепте уюштурулган ийримдерге катышышат. Окуучулардын ден соолугуна байланыштуу үйдөн окутулган окуучу жок. Окуу куралдары менен 90% камсыз кылынган. Мугалимдер квалификациясын жогорулатуу боюнча курстарга барып турушат. Мектепте тажрыйбалуу мугалимдер эмгектенишет . М: орус тили мугалими Кокумова Ж.А., башталгыч класстын мугалимдери Кутманалиева С.Р., Исмайылова С.Д.- мектеп ичинде тажрыйбалары жайылтылган.

Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациянын негизингде 9-класстарга негизги билим жөнүндө күбөлүк, 11-класстарга орто билим жөнүндө аттестат тапшырылды.

Кошумча сабактар уюштурулду. Предметтик мугалимдер окуучулар менен иш алып барышты. Ийримдердин иши ар бир кеңешмеде каралып, жетишпеген окуучулар менен иштөө күчөтүлдү. Математика, кыргыз тили, биология сабактары боюнча каникул учурунда кошумча жүгүртмө түзүлүп, окуучуларды даярдап жатышты. Бардык мугалимдер терең билим берүүнүн үстүндө эмгектенип жатышты.

Мектепте 4 усулдук бирикме иш алып барат.

# Математика усулдук бирикменин 2018-2019- окуу жылында аткарылган иштери боюнча мүчөлөрүнө анализ

Куликеева Ж. - математика усулдук бирикменин жетекчиси. Эмгек стажы 32 жыл. Тажрыйбалуу мугалим өз предметин сүйөт, терең жана татыктуу билим берет. Сабагы турмуш менен байланыштырылган, кызыктуу өтөт. Бул жылы математикалык декада өттү. Декада 28.01.19.- 6.02.19. чейин болду.

1– күнү: „Тамекинин зыяны - математикалык көз караш менен" деген тема боюнча класстан тышкаркы иш өткөрүлдү.

2– күнү: „Кыскача көбөйтүүнүн формуласы" деген тема боюнча эстафета болду.

3– күнү: „Эки туюнтманын суммасын жана айырмасын квадратка көтөрүү" деген темада 7-класстар менен ачык саат өттү.

4– күнү: рефераттарды жактоо, көрсөтмө куралдардын конкурсу өткөрүлдү.

5– күнү: декада жыйынтыкталды. Активдүү катышкан окуучуларды белгилеп, грамота менен сыйлады.
Кабинет толукталды, ар кандай карточкалар, буклеттер, папкалар даярдалды.

Сунуш: Жетишпеген окуучулар менен кошумча сабак өтсө.

Турсунакунова Б. - эмгек стажы 11- жыл.
6-класстын класс жетекчиси. 5-6-10-11-класстарга математикадан сабак берет. Математика кружогун жетектейт. 5-6-класстар арасында математика боюнча сынак өткөрдү. Математика кабинетин папкалар, карточкалар ж.б. көрсөтмө куралдар менен толуктады.
5-класста „Акыл таймаш" сынагын өттү. 6-класста „ Бөлчөктөрдү салыштыруу" деген темада ачык предметтик сабак өттү. Математикалык декадада Турсунакунова Б. сабак берген класстар активдүү катышышты.

Сунуш: Математика боюнча тажрыйбалуу мугалимдердин сабагына кирүү талап кылынат. Мугалим өз билимин өркүндөтүүнүн үстүндө иштеши керек.

# Гуманитардык усулдук бирикменин 2018-2019- окуу жылында аткарылган иштери боюнча мүчөлөрүнө анализ

Усулдук бирикмеде бардыгы 7 мугалим
Мерчем боюнча предметтик ачык сабактар жана класстан тышкаркы иштер аткарылды. Кыргыз тилчилер: - Бектурсунова Чолпон, Осмоналиева Мээрим.
Орус тилчи: -Кокумова Жыпар.
Чет тилчилер: -Өмүркулова Айтбүбү, Пузулуева Патма
Тарых мугалими- Айтыкулова Айгүл.

[illegible]налиева М. - кыргыз тили жана адабияты мугалими, жогорку билимдүү. Эмгек стажы - 9 жыл. Мамлекеттик тилдин 3 айлыгынын мерчеми боюнча иш алып барды.

Усулдук бирикмеде төмөнкү темада баяндама окуду.

1) „Чынгыз Айтматов түбөлүк жашайт".
2) „Тил –акылдын ачкычы" .

Ачык сабактарды көрсөтмөлүү, инновациялык ыкмаларды колдонуу менен өттү. „23-сентябрь- Мамлекеттик тил күнү" деген кече өттү, дубал газета чыгарды.

Сентябрь, октябрь, ноябрь айлары боюнча мамлекеттик тилдин 3 айлыгынын программасын түзүп, аны аткарууга активдүү катышты. 23-сентябрда – мамлекеттик тил күнүнө карата 5-11-класстар арасында „Тилим менин сыймыгым" –деген темада класстан тышкаркы иш өткөрдү.

6-класста „Алыкул Осмонов" деген темада ачык саат өттү.

Райондук билим берүү бөлүмү тарабынан ар кандай сынактарга, дилбаяндардын сынактарына активдүү катышып турду. Мисалы: 9-11- класстарда „Аялуу жан сырын адам дилинде , айта алат бир гана эне тилинде"

Сунуш: Усулдук ыкмаларды пайдалануунун үстүндө иштеш керек. Өз билимин өркүндөтүү талап кылынат.

2. Кокумова Жыпар: Усулдук бирикменин жетекчиси, орус тили жана адабияты мугалими. Эмгек стажы -32 жыл

Декабрь айында 5 -11-класстар арасында администрация мүчөлөрү катышып жат жазуу алынды жана анализденди. Январь айында орус тили жана адабияты боюнча декада өткөрдү. М: Көркөм айтуучулардын сынагын 5–6–7–класстар арасында өткөрдү. Орус тили кабинети жаңыртылды, көрсөтмө куралдар менен толукталды. Сабакты ар кандай инновациялык ыкмаларды колдонуу менен жогорку деңгээлде өтөт.

Кокумова Ж. –тажрыйбасы жайылтылган, үлгүлүү мугалим.

3. Пузулуева Патма- 3-5-6 –9–11–класстардын чет тил мугалими. 1-2-3-4-класстарга орус тилинен сабак берет.

Март айында чет тили боюнча декада өттү.

1– күнү: Декаданын ачылышы: „ Чет тилин окуп үйрөнөлү" деген темада баяндама окуду.
2– күнү: Англия жазуучуларынын чыгармасынан көркөм окуу сынагы 7 –8–9–10–11–класстар арасында өттү.
3– күнү: Диалогдор менен иштөө.
4– күнү: Көркөм чыгармалардан сүрөт тартуу.
5– күнү: Сценка: „Бир тууган гримдердин жомоктору" фрагмент.
6– күнү: Декаданын бир жумалык жыйынтыгы. Усулдук бирикменин мүчөлөрү тарабынан анализденди.

Сунуш:1) Предметтик ачык сабакты өз убагында өтсө
2) Өз билимин өркүндөтүүнүн үстүндө иштеш керек.

...ктурсунова Ч. – мектепте кыргыз тили мугалими
...-9- класстарга кыргыз тили жана адабияты сабагынан сабак берет. Өз предметин сүйөт, терең жана татыктуу билим берет. Сабагы турмуш менен байланыштырылат, кызыктуу өтөт. „ Манастын бала чагы” деген темада жыйынтыктоо сабагын өттү. Мамлекеттик тилдин 3 айлыгын өткөрүүдө мерчем боюнча өткөрүлүүчү иш чаралардын бардыгын талаптагыдай аткарды. Областтык окуу үйрөтүмүндө „Эне –үйдүн куту, бала - мамлекеттин келечеги” деген темада жалпы мектептик иш чара өттү.

Сунуш: Усулдук ыкмаларды пайдалануунун үстүндө иштеш керек.

## Башталгыч класстын усулдук бирикменин 2018-2019- окуу жылында аткарылган иштери боюнча мүчөлөрүнө анализ

Башталгыч класстын усулдук бирикмесинде 2015 –2016–жылга карата усулдук бирикменин иш мерчеми түзүлүп, бекитилген жана ошол мерчем боюнча иш жүргүзүлдү. Усулдук бирикмеге 5 мугалим эмгектенет: Өмүркулова Бурма, Исмайылова Сымбат, Кутманалиева Салтанат, Айдыралиева Гүлбара, Арыстанбекова Асель.

Өмүркулова Бурма, Исмайылова Сымбат, Кутманалиева Салтанат– тажрыйбалуу мугалимдер администрация мүчөлөрү болуп бир нече жыл эмгектенишкен. Окуучулар менен үзгүлтүксүз иш алып барып турушат.

1. Айдыралиева Гүлбара- жаш мугалим, өз билимин өркүндөтүүнүн үстүндө иштеп жатат.

Математика жана кыргыз тил дептери күнүгө текшерилип, баа коюлуп турат. Жума сайын тизимге катышып, күндөлүктөрдүн күтүлүшү текшерилет. Өткөн окуу жылында башталгыч класстар арасынан „Күз майрамы”, „Жаңы жыл” , „Эне тил” , „Энелер” күнүнө карата класстан тышкаркы иштерге классы менен активдүү катышты. Кандай өтүлгөндүгү тууралуу учурунда талкууланып, анализ берилип жатты.

Адабий окуудан „Апама арнайм” деген темада ачык предметтик сабак өттү.

Сунуш: Тажрыйбалуу мугалимдердин сабагына катышуу.

2. 3 – класстын мугалими: Өмүркулова Бурма– педагогикалык стажы 27 жыл.

Максаты: окуучулардын сүйлөө речин өстүрүү, түшүнүгүн, адабий тилдин нормасында айтып берүүгө үйрөтүү, оозеки эсептегенге көнүктүрүү. Мугалим тажрыйбалуу, көп жылдан бери эмгектенет. Балдарга жылуу мамиле жасайт. Окуучулар оюн ачык айтууга мүмкүнчүлүк түзөт.

Быйылкы окуу жылында усулдук бирикмеде „Башталгыч класстарда математика сабагынан кызыктуу оюндарды уюштуруу” – деген темада баяндама окуду.

„Бирге окуйбуз” долбоору боюнча „Баланын келечеги – ата – эненин колунда”, „Бирге окуйбуз” долбоорунун үстүндө иштейбиз” деген темада баяндама окуду.
3-класста адабий окуу сабагынан „Сүрөтчү аяз” деген темада ачык предметтик

...ак өттү. Бул өтүлгөн сабактарында заманбап усулдук технологияларды ...лдонуу менен көп маалыматтарды бере алды.
...мүркулова Б. –тажрыйбасы жайылтылган, үлгүлүү мугалим.

3. Исмайылова Сымбат – даярдоо класстын мугалими. Эмгек стажы – 25 жыл. Мугалимдин максаты: Окуучуларды сабаттуулукка үйрөтүү менен адептүүлүккө тарбиялоо жана ойлоосун өстүрүү. Тажрыйбалуу мугалим, ар бир сабагында жаңы инновациялык ыкмаларды колдонуу менен окуучуларга терең билим берип келүүдө.

05.04.16–жылы областтык окуу үйрөтүмүндө „Эне –үйдүн куту, бала-мамлекеттин келечеги” деген темада жалпы мектептик иш чара өттү. Башталгыч класстардын усулдук бирикмесинин кеңешмесинде „Бирге окуйбуз” долбоорунун ыкмаларын колдонуу боюнча баяндама окуду. Исмайылова Сымбат - Өз билимин өркүндөтүүнүн үстүндө иштеген тажрыйбалуу мугалим.

4. 1–класстын мугалими Арыстанбекова Асель . Педагогикалык стажы 17 жыл Максаты – окуучуларды шар окууга көнүктүрүү жана ойлоосун өстүрүү. Мугалим аракетчил, сабагына жоопкерчилик менен мамиле кылат. Жаңы инновациялык ыкмаларды колдонуу менен балдарга билим жана тарбия берип келүүдө.

Башталгыч класстардын усулдук кеңешмесинде „Бирге окуйбуз” долбоорунун ыкмаларын колдонуу боюнча баяндама окуду. „Күз майрамы” , „Жаңы жылдык” майрамдык салтанаттарга классы активдүү катышат. 8-мартка карата утренник жана алиппе майрамын өттү.

Сунуш: Тажрыйбалуу мугалимдердин сабактарына катышуусу зарыл.

5. Кутманалиева Салтанат- башталгыч класстын усулдук бирикмесинин жетекчиси. Эмгек стажы 32 жыл. Мугалим бардык предметтик сабактарын жогорку деңгээлде өтөт. Окуучулардын логикалык ой жүгүртүүсүнө, өз түшүнүгүн жакшы айтып берүүсүнө көңүл бөлөт. Сабактары көрсөтмөлүү, жаңы инновациялык ыкмаларды пайдаланып окуучулардын активдүүлүгүн жогорулатат.

05.04.16– жылы областтык окуу үйрөтүмүндө 4-класста адабий окуу сабагынан „Умай эне” деген темада ачык сабак өттү. Сабакка анализ берилип „жогорку” деңгээлде деп баалашты.
Кутманалиева Салтанат– тажрыйбасы жайылтылган, мектепте үлгүлүү мугалим.

## Табигый илимдер усулдук бирикмеси:

1. Кулназарова Жыпар: Табигый усулдук бирикменин жетекчиси.
Эмгек стажы 28 жыл. Мектепте химия, биология сабагын окутат.
9- класстын класс жетекчиси. Сабагына ар дайым чыгармачылык менен даярданат. Инновациялык ыкмаларды колдонуу менен сабак өтөт.

Усулдук бирикменин кеңешмесинде „Химия сабагында колдонулуучу окуу каражаттарынын дидактикалык кызматтары” -деген темада баяндама окуду.

…12.15–22.12.15 ж. чейин химия– биология сабактары боюнча декада өттү.

…екада:

1-күнү: Декаданын ачылышы.

2-күнү: Химия сабагы боюнча ачык сабак „Кычкылтектин алынышы, физикалык касиеттери”

3-күнү: Биология сабагы боюнча рефераттарды жактоо

4-күнү: Диск көрүү

5-күнү: Химиялык формула, реакция боюнча эстафета

6-күнү: „Туздар. Аталышы. курамы ” деген темада 8-класста ачык сабак өттү.

Табигый илимдер усулдук бирикмесинин мүчөлөрү тарабынан анализ берилип, „ эң жакшы” деп бааланды. „Сергек жашоонун сырлары” деген темада предметтен тышкаркы иш өттү.

Кулназарова Жыпар – тажрыйбасы жайылтылган үлгүлүү мугалим.

2. Толбаева Замира - эмгек стажы 32 жыл.

6–7–8–9–10–11–класстар арасында 2015–жылдын 2–декабрдын 10–декабрына чейин декада өттү.

1 –күнү: „Кыргызстандын мамлекеттик түзүлүшү” – деген темадагы баяндаманы декаданын ачылышында окуду.

2 –күнү: „Кыргызстан – менин мекеним” – деген темада баяндама окулуп, реферат, сүрөт, аңгеме, ырлар сынактары өткөрүлдү.

3 – күнү: предметтен тышкаркы иш „Ысык- Көл– кыргыздын бермети” –ар бир класс жакташты.

4– күнү: Жаратылыш, жаныбарлар, өсүмдүктөр жөнүндө кино фильм демонстрацияланды.

5– күнү: „Кыргызстанды изилдеген саякатчылар” деген тема окуучулар тарабынан жакталды.

6– күнү: Декаданын жабылышы.

Сунуш: Жаңы инновациялык ыкмаларды колдонуу керек.

3) Шаршеналиев Ислан –эмгек стажы 6 жыл. Мектепте дене тарбия , жана аскерге чейинки даярдык сабактарынан берет. Сабактары талаптагыдай деңгээлде өтөт.

Райондук ар кандай сынактарга мектеп окуучулары менен бирдикте катышып, байгелүү орундарга ээ болуп турат. Райондук волейбол мелдешинде кыздар жана балдар командасы экинчи орунда чыгышты

Сунуш: Сабактын пландарын, өз учурунда жазып туруу талап кылынат.

# К. Дербишев атындагы Талды – Булак орто мектебинен 2018-2019 окуу жылындагы тарбиялык жана класстан тышкаркы аткарылган иштери боюнча анализ.

Тарбия – дегенде үч нерсени түшүнөбүз. Биринчиден – акыл адептүүлүккө тарбиялоо. Экинчиден – денени чыналууууга тарбиялоо. Үчүнчүдөн - өндүрүштүн бардык процесстеринин негизги принциптери менен тааныштырган, өндүрүштүн бардык жөнөкөй куралдарын кандайча пайдаланууга машыктырган техниканы окууга тарбиялоо.

Мектептин ар бир мугалими балдарды окутуу менен бирге тарбия ишин да жүргүзөт. Ал сабак убактысында жана сабактан тышкаркы убакта да өзү тарбиялаган балдарды Ата-Мекенине чексиз берилген жогорку идеялдуу жана маданияттуу адамдарды тарбиялап чыгууга аракет кылат. Окуу-тарбия ишинин сапаты мугалимдин билгичтик менен иштешинен байланыштуу болот.

Мектепте 193 окуучу окууду.

Алардын ичинен кыздары 98, эркек балдары 95.

Мектеп боюнча көп балалуу үй - бүлөлөрдүн саны – 5

Толук эмес үй - бүлөлөрдүн саны - 7,

Турмуш шарты оор окуучулар жок.

Ооган жоокерлеринин саны – 1.

Социалдык жетим окуучулардын саны – 10.

ИДНдин учётунда турган окуучулардын саны - 2

Тоголок жетим балдар жок.

Окуучулар мектепке өз убагында келип, өз убагында кетишет. Эч кандай тартип бузуулар катталган жок. Окуучуларга зордук – зомбулук көрсөтүлбөйт.

Атайын буйрук менен класс жетекчилер класстарга бекитилип, өз милдеттерин аткарышты. Класс жетекчинин журналы толтурулуп, директор тарабынан бекитилген. Окуучулар жыл башында медициналык кароодон өткөрүлгөн. Оорулары бар окуучуларга дарыгерлер тарабынан кеңеш берилди. Жолдо жүрүү эрежеси боюнча мерчем түзүлүп, 8 окуучудан турган “Жаш жол инспекторлору” тобу өз милдеттерин аткарышты.

Мектепте атайын түзүлгөн мерчемге ылайык 8 окуучудан турган «Милициянын жаш достору» тобу түзүлгөн, алар да өз иштерин так аткарышты.

Жолдо жүрүү эрежесин бузуу жана ар кандай кылмыштуулук боюнча эч кандай иштер катталган жок. Милиция кызматкерлери мектептик тизимде баяндама окуп беришти. Окуучулар класс жетекчинин тарбиялык журналына өрт, техникалык коопсуздук эрежелерин сактоо иштери боюнча кол коюп беришкен. Бул боюнча класс жетекчилер класстык сааттарды өтүштү. Өрт боюнча кырсыктар катталган жок. Мектепте, класстарда коопсуздук эрежеси сакталат. Мектептеги майрамдык кечелерде коопсуздук сакталып,

мектеп инспектору дайыма кезметте турат. Ар бир дүйшөмбү күнү мектепке келип окуучулар менен иш жүргүзүп турат.

Класс жетекчилер класстык сааттарды өз учурунда өтүштү. Окуучулар сүрөттөрдү тартып, класс жетекчилерине өткөрүштү.

Мектеп боюнча мугалимдер жана класстар кезметте турушуп окуучулардын тартибине, класстардын тазалыктарына, жабдылышына, буюмдардын сакталышына көзөмөлдүк кылышты. Мектепте 10 баладан турган мектеп парламенти иштейт. Парламент мектептеги ар кандай коомдук иштерге жардам берип, өзүнө бөлүнгөн иштерди так аткарышты. Жума ичиндеги жетишкендиктер, кемчиликтер боюнча отчёт берип, ,,2" алган жана сабакка кечиккен окуучулар менен сүйлөшүп турушту. Жыл жыйынтыгы боюнча 3–4-7-10- класстар ,,эң алдынкы класс" деп табылды. Мектептеги кружоктор каникул мезгилинде окуучулар менен класстан тышкаркы иштерди өткөрүштү. 1 – 11 класстын окуучулары жана мугалимдер форма менен камсыз болушкан. 1 – 4 класстын окуучулары ашканадан тамак ичишет. Ашканада балдар үчүн шарт түзүлгөн. Окуучулардын өздүк гигиенасын сактоо боюнча иштер аткарылды. Мектепте видео көзөмөл 8 жерге орнотулган. Ал боюнча окуучуларды көзөмөлгө алып турабыз. Класс жетекчилер, ата-энелер, окуучулар менен жекече иш алып барышты.

Мектепте жыл боюнча төмөнкүдөй класстан тышкаркы иштер өткөрүлдү.

1 - Сентябрь – ,,Билим күнү" белгиленди. 1-11- класстарда ,,Мекеним- Кыргызстан" деген темада класстык сааттар өтүлдү. Бардык класс жетекчилер сабактарын темага ылайык жабдышкан. Класстык сааттар жогорку деңгээлде өтүлдү.

,,23- сентябрь Мамлекеттик тил күнүнө" карата атайын мерчем түзүлүп, ошонун негизинде иш чаралар өтүлдү. ,,Мамлекеттик тил күнүнүн" өтүлүшүнө карата 1-класстан 11-класска чейин бардык окуучулар активдүү катышышты.

,,24-сентябрь үй-бүлө, тынчтык, ынтымак күнү" деп жарыялангандыгына байланыштуу мектепте 24- сентябрда салтанаттуу тизим өтүлдү. Ата-энелердин катышуусу менен чакан концерт коюлду. ,,Үй-бүлө жашоонун негизи" деген темада дубал гезиттери чыгарылып, сүрөт сынактары өтүлдү. Мектепте иш кагаздарын мамлекеттик тилде жүргүзүү боюнча буйрук чыгарылды.

,,Алтын күз" кечесин мектептин тарбия завучу Бектурсунова Ч. өткөрдү.

,,1 – декабрь СПИД күнүнө" карата дубал газеталар боюнча сынакка катыштык.

27-декабрда мектепте 1-7-класстар арасында ,,Балаты майрамы" жана 8-11 -класстар арасында ,,Көгүлтүр от" кечеси өткөрүлдү. Бардык класстар активдүү катышышты.

15-февраль айында " Ooган жоокерлеринин күнү" белгиленип, аны тарбия завучу Бектурсунова Ч. ,,эң жакшы" өттү.

Мектепте ,,Ооган жоокерлеринин" сүрөттөрү чыгарылган. ,,Ооган жоокерлеринин" балдарынан мектепте 1 окуучу окуйт.

21 – февралда Эне тил күнүнө карата "Эне тилим – эне сүтүм" деген темадагы кечени ар бир улуттардын каада салтын , тамак ашын, оюндарын 1-11- класстар арасында ,,жогорку" деңгээлде өтүштү. Нооруз майрамына карата "Нооруз шаңы - 2019" деген темадагы кечени мектептин кыргыз тили жана адабияты мугалими Осмоналиева Мээрим өткөзүп, ага 1-11-класстар катышышты.

Талды-Булак орто мектебинде 2019-жылдын 8-майында ,, 9-май –Улуу Жеңиш күнүнө" карата салтанаттуу тизим өтүлдү. Тизимге Улуу Ата Мекендик согушка катышкан аталардын балдары, Жайыл райондун мамлекеттик администрациясынын башчысы жана Жайыл райондук согуш ардагерлер кеңешинин төрагасы, айыл өкмөтүнүн башчысы, тылда эмгектенген эмгектин ардагерлери, айылдын аксакалдары, ата-энелер, ардагер мугалимдер катышышты. Тизим гимн менен ачылып, андан соң мектептин кыргыз тили мугалими Бектурсунова Ч. баяндама жасады. Чакырылган коноктор, мугалимдер, окуучулар мектептин жанында тургузулган эстеликке барып таазим кылып, куран окушту. Андан соң ,,Бизге кымбат Жеңиш күн" деген темада окуучулар тарабынан чакан концеттик программа коюлду. Мында Мекен, Жеңиш, тынчтык, ата –эне жөнүндө көркөм айтуулар, жеке номер, хор ырдалып, кыргыз бийи бийленди. Бул күн бардыгы үчүн эсте каларлык күн болду. Мектеп ичинде мектеп парламенти тарабынан ,,Жашасын Жеңиш!" деген темада дубал газета чыгарылды. Улуу Жеңиш майрамына карата "Эч ким, эч нерсе унутулбайт" деген темада

5-11-класстар дилбаян жазышты. Көрүүчүлөр тарабынан ,,эң жакшы" деп бааланды. ЮИДД, "Сары-Өзөн чолпондору" сынактарына катыштык. Мектепте апрель айынан баштап ишембилик болуп, ага окуучулар активдүү катышышты.

## Класс жетекчилер окуу жылында төмөнкүдөй ачык класстык сааттарды өткөрүштү:

1. Айдыралиева Гүлбара- 4-класстын класс жетекчиси. Жума сайын тизимге катышып, күндөлүктөрдүн күтүлүшү текшерилет. Өткөн окуу жылында башталгыч класстар арасынан ,,Күз майрамы", ,,Жаңы жыл" , ,,Эне тил" , ,,Энелер" күнүнө карата класстан тышкаркы иштерге классы менен активдүү катышты. Кандай өтүлгөндүгү тууралуу учурунда талкууланып, анализ берилип жатты.

Адабий окуудан ,,Нооруз майрамы" деген темада ачык тарбиялык сабак өттү. Андан тышкары райондук тарбия завучтарынын окуу үйрөтүмүндө ачык тарбиялык саат өттү.

Сунуш: Тажрыйбалуу мугалимдердин ачык тарбиялык саатына катышуу.

2. Исмайылова Сымбат – 2-класстын мугалими. Эмгек стажы – 28 жыл. Мугалимдин максаты: Окуучуларды сабаттуулукка үйрөтүү менен адептүүлүккө тарбиялоо жана ойлоосун өстүрүү. Тажрыйбалуу мугалим, ар бир сабагында жаңы инновациялык ыкмаларды колдонуу менен окуучуларга терең билим берип келүүдө.

Башталгыч класстардын усулдук бирикмесинин кеңешмесинде „Билим үчүн азык" долбоорунун ыкмаларын колдонуу боюнча бир нече иш чара өттү. Андан тышкары райондук тарбия завучтарынын окуу үйрөтүмүндө ачык тарбиялык саат өттү.

Исмайылова Сымбат - Өз билимин өркүндөтүүнүн үстүндө иштеген тажрыйбалуу мугалим.

3. 3–класстын мугалими Арыстанбекова Асель . Педагогикалык стажы 20 жыл
Максаты – окуучуларды шар окууга көнүктүрүү жана ойлоосун өстүрүү. Мугалим аракетчил, сабагына жоопкерчилик менен мамиле кылат. Жаңы инновациялык ыкмаларды колдонуу менен балдарга билим жана тарбия берип келүүдө.

Башталгыч класстардын усулдук кеңешмесинде „Билим үчүн азык" долбоорунун ыкмаларын колдонуу боюнча иш чараларга катышкан. „Күз майрамы" , „Жаңы жылдык" майрамдык салтанаттарга классы активдүү катышат. Андан тышкары райондук тарбия завучтарынын окуу үйрөтүмүндө ачык тарбиялык саат өттү.

Сунуш: Тажрыйбалуу мугалимдердин сабактарына катышуусу зарыл.

4. Кутманалиева Салтанат- башталгыч класстын усулдук бирикмесинин жетекчиси. Эмгек стажы 35 жыл. Мугалим бардык предметтик сабактарын жогорку деңгээлде өтөт. Окуучулардын логикалык ой жүгүртүүсүнө, өз түшүнүгүн жакшы айтып берүүсүнө көңүл бөлөт. Сабактары көрсөтмөлүү, жаңы инновациялык ыкмаларды пайдаланып окуучулардын активдүүлүгүн жогорулатат. 8-мартка карата утренник жана алиппе майрамын өттү. Андан тышкары райондук тарбия завучтарынын окуу үйрөтүмүндө ачык тарбиялык саат өттү.

Кутманалиева Салтанат– тажрыйбасы жайылтылган, мектепте үлгүлүү мугалим.

**5. Осмоналиева М. - кыргыз тили жана адабияты мугалими, жогорку билимдүү. Эмгек стажы - 12 жыл. Мамлекеттик тилдин 3 айлыгынын мерчеми боюнча иш алып барды.**
**,,23-сентябрь- Мамлекеттик тил күнү" деген кече өттү, дубал газета чыгарды.**

**Сентябрь, октябрь, ноябрь айлары боюнча мамлекеттик тилдин**
**3 айлыгынын программасын түзүп, аны аткарууга активдүү катышты.**
**23-сентябрда – мамлекеттик тил күнүнө карата 5-11-класстар арасында ,,Тилим менин сыймыгым" –деген темада класстан тышкаркы иш өткөрдү.**
**Андан тышкары райондук тарбия завучтарынын окуу үйрөтүмүндө ачык тарбиялык саат өттү.**

**Сунуш: Усулдук ыкмаларды пайдалануунун үстүндө иштеш керек. Өз билимин өркүндөтүү талап кылынат.**

**6. Пузулуева Патма-5-6 –9–11–класстардын чет тил мугалими. ,,Күз майрамы" , ,,Жаңы жылдык" майрамдык салтанаттарга классы активдүү катышат.**

**Андан тышкары райондук тарбия завучтарынын окуу үйрөтүмүндө ачык тарбиялык саат өттү.**

**Сунуш:1) Предметтик ачык сабакты өз убагында өтсө**
**2) Өз билимин өркүндөтүүнүн үстүндө иштеш керек.**

**7. Кожонтева Күлира - орус тили жана адабияты мугалими. Эмгек стажы -?? жыл**

**Декабрь айында 5 –класстан класс жетекчиси. Декабрь айында балаты майрамын жогорку деңгээлде өттү. ,,Күз майрамы" , ,,Жаңы жылдык" ,,Нооруз" майрамдык салтанаттарга классы активдүү катышат.**

**Андан тышкары райондук тарбия завучтарынын окуу үйрөтүмүндө ачык тарбиялык саат өттү.**

**Сунуш: ата-энелер менен байланышын күчөтүү керек.**

**8. Токтонбаева Бермет – тарых мугалими. Эмгек стажы 2 жыл. Өзү жаш болсо да ар кандай инновациялык ыкмаларды колдонуу менен сабак өтөт. ,,Күз майрамы" , ,,Жаңы жылдык" майрамдык салтанаттарга 6-классы активдүү катышат. Андан тышкары**

райондук тарбия завучтарынын окуу үйрөтүмүндө ачык тарбиялык саат өттү.

Сунуш:1) Предметтик ачык сабакты өз убагында өтсө
2) Өз билимин өркүндөтүүнүн үстүндө иштеш керек.

9. Кулназарова Жыпар: эмгек стажы 30 жыл. Мектепте химия, биология сабагын окутат. 11- класстын класс жетекчиси. Сабагына ар дайым чыгармачылык менен даярданат. Инновациялык ыкмаларды колдонуу менен сабак өтөт.

Кулназарова Жыпар- мектепте тажрыйбасы жайылтылган, жаш мугалимдерге үлгүлүү мугалим. Максаты: жаш муундарга талаптагыдай тарбия берүү.

11-классын класс жетекчиси. Классы менен -,,Мугалим мөмөлүү дарак" деген темада мугалимдер күнүнө карата кече өткөрүшүп, ага ардагер мугалимдер келип катышышты. Кече ,,жогорку" деңгээлде өтүлдү деп бааланды. Андан тышкары райондук тарбия завучтарынын окуу үйрөтүмүндө ачык тарбиялык саат өттү.

,,Кесип тандоо" кечесин ,,эң жакшы" деген баада өттү. 29 – майда – ,,Акыркы коңгуроо" кечесине меймандар, ата –энелер келип катышышып, кечени "эң жакшы" өткөрүлдү деп баалашты.

Кулназарова Жыпар – тажрыйбасы жайылтылган үлгүлүү мугалим.

10. Куликеева Ж. – математика сабагынан берет. Эмгек стажы 35 жыл. Тажрыйбалуу мугалим өз предметин сүйөт, терең жана татыктуу билим берет. Сабагы турмуш менен байланыштырылган, кызыктуу өтөт. ,,Күз майрамы" , ,,Жаңы жылдык" майрамдык салтанаттарга 6-классы активдүү катышат. Андан тышкары райондук тарбия завучтарынын окуу үйрөтүмүндө ачык тарбиялык саат өттү.

Сунуш: ата-энелер менен тыкыз байланышта болуу.

**Талды – Булак орто мектебинин 2019–2020– окуу жылынын тарбиялык иштерди жүргүзүү боюнча милдеттер:**

1. Окуучуларды мектепке толук тартуу жана алардын ден соолугуна, тартибине, сабакка катышуусуна көңүл буруу.

2. Жолдо жүрүү, өрт техникалык коопсуздук эрежелеринин сакталышына карата аткарылуучу иштерди күчөтүү.

3. Карыялар, ата-энелер, окуучулар менен иштөөнү жандандыруу

4. Класстардын жабдылышына, жаңыртылышына көңүл буруу.

5. Окуучуларды китеп, күндөлүк менен камсыз кылуу. Көзөмөлдүккө алуу.

6. Милиция кызматкерилери менен тыгыз байланышта болуу.

7. Класстардын жашылдандыруусун колго алуу.

8. Мектеп ичиндеги жасалгалоолорду жаңыртуу.

9. Жайкы эс алуу "Наристе" лагеринин мерчемин түзүп, ал боюнча иш алып баруу.

10. Кыздар, балдар кеңештери өз иштеринин талаптагыдай аткарышын көзөмөлдөө.

11. „Манас" жаштары өзүн-өзү башкаруу түзүмү, жыл бою өз иштери боюнча берген отчетторун көзөмөлдө.

12. Мектеп ичинде учётто турган балдар менен иштөөнү күчөтүү.

13. Райондук сынактарга окуучуларды активдүү катыштыруу.

14. Окуучуларга кесиптик туура багыт берүү үчүн экскурияларга алып
баруу, жолугушууларды өткөрүү.

15. Жаш класс жетечилерге тажрыйбалуу мугалимдерди бекитип берүү.

16. Мектептеги ар кандай коомдук иштерге ар бир классты класс жетекчилери менен активдүү катыштыруу.

17. Тарбиялык журналды бекиттирип, ай сайын текшерип туруу.